1-сабак

# undefined

Кептик тема: БУЛ КИМ? БУЛ ЭМНЕ?

Грамматика: ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА.

Кыргыз алфавити орус алфавитинин негизинде түзүлүп, ага орус тилинде жок **ө, ү**, **ң** тамгалары кошумчаланган. Баардыгы 36 тамга, 39 тыбыш. Анткени йоттошкон **ё, ю, я** тамгалары **йо, йа, йу** болуп 2 тыбышты билдирет.

Аа [а]; Бб [бэ]; Вв [вэ]; Гг [гэ]; Дд [дэ]; Ее [йэ]; Ёё [йо]; Жж [жэ]; Зз [зэ]; Ии [и]; Йй [й]; Кк [ка]; Лл [эл]; Мм [эм]; Нн [эн]; Мм [эм]; **Ңң** [**эң**]; Нн [эн]; Оо [о]; ё [**йо**]; Пп [пэ]; Рр [эр]; Сс [эс]; Тт [тэ]; Уу [у];**Үү** [**ү**]; Фф [эф]; Хх [ха]; Цц [цэ]; Шш [ша]; Щщ [ща]; Чч [чэ]; ъ – ажыратуу белгиси; Ыы [ы]; ь – ичкертүү белгиси; Ээ [э]; Юю [йу]; Яя [йа].

Тыбыштардын системасы:

Кыргыз тилинде он төрт (14) үндүү тыбыш бар.

Алардын (8) сегизи - кыска үндүүлөр: **а, ы, о, у, э (е), и, ө, ү;**

(6) алтоо **-** созулма үндүүлөр: **аа, оо, уу, ээ, өө, үү.**

Үндүүлөр экиге бөлүнөт: а) жоон: **а, о, у, ы.** б) ичке: **э (е), и, ө, ү.**

Үндүүлөр төмөнкүдөй бөлүнөт: эриндүү - **о, у, ө, ү;** эринсиз - **а, ы, э, и**

Үнсүз тыбыштар жыйырма беш (25):**б, в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.**

Каткалаң үнсүздөр: **п, т, с, ш, ч, к, х, ф, щ, ц.**

Жумшак үнсүздөр: **б, в, г, д, ж, з, м, н, р, ң, й, л.** �нөт: эриндүү - **о, у, ө, ү;** эринсиз - **а, ы, э, и**

**Ким? деген суроо адамга берилет.**



Бул ким? Бул Светлана.





Бул ким?

Бул окутуучу.



Бул ким? Бул сүрөтчү.



Бул ким?

Бул катчы.

**Эмне? деген суроо жаныбарга, буюмга берилет.**



Бул эмне?

Бул эмерек.



Бул эмне?

Бул иш кагазы.



Бул эмне?

Бул принтер.




Бул эмне?

Бул түп нуска.

**КӨНҮГҮҮ**

**Бул ким?**

– Бул ....

- мугалим
- дарыгер
- куруучу
- сүрөтчү
- медайым

**Бул эмне?**

– Бул ....

китеп
сөздүк
калем
имарат
бөлмө

**СУРАГЫЛА**

* Бул Акыл. ______________________________
* Бул доогер. ______________________________
* Бул жетекчи. ______________________________
* Бул жактоочу. ______________________________
* Бул катчы. ______________________________
* Бул дарыгер. ______________________________
* Бул төрага. ______________________________
* Бул укук коргоочу. ______________________________
* Бул кызматкер. ______________________________
* Бул айдоочу. ______________________________
* Бул орун басар. ______________________________
* Бул адис. ______________________________

* Бул газета. ______________________________
* Бул буйрук. ______________________________
* Бул кеңсе. ______________________________
* Бул көктөм. ______________________________
* Бул журнал. ______________________________
* Бул иш. ______________________________
* Бул пайыз. ______________________________
* Бул жарнама. ______________________________
* Бул күркө. ______________________________
* Бул мүлк. ______________________________
* Бул тапшырма. ______________________________
* Бул кат. ______________________________

**КӨПТҮК САН** – **-лар** мүчөсү аркылуу уюшулат

***(-лер, -лор, -лөр; - дар, -дер, -дор, -дөр; -тар, -тер, -тор, -төр)***.



Булар кимдер?

Булар инженерлер.



Булар кимдер?

Булар дарыгерлер.